КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
**Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы**
723600 Ош обл. Өзгөн ш., Манас к.
ИНН: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерциялык Банк Кыргызстана"
э/э 1031520000159869
БИК 103015

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
**Ассоциация медицинских колледжей Кыргызстана**
723600 Ош обл. г. Узген ул. Манас
ИНН: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерческий Банк Кыргызстан"
р/с 1031520000159869
БИК 103015

KYRGYZ REPUBLIC
**Association of Kyrgyz medical colleges**
723600 Osh region Uzgen city st.Manas
PIN: 02607201710137
ОКПО: 30028220
ОАО "Commercial Bank Kyrgyzstan"
р/а 1031520000159869
BIC 103015

Чыгыш № 7 "22" сентябрь 2023-ж/г.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана
илим министринин м.а. У.А.Усековго
Кыргызстандагы медициналык колледждердин
ассоциациясынын төрагасы Ө.Т.Станбаевден

КАЙРЫЛУУ

Урматтуу Уланбек Абдилазизович!

Сизге кайрылуубуздун себеби төмөндөгүчө Саламаттык сактоо министрлигинин 29.05.2023 жылдагы №639 Медициналык колледждердин адистиктердин окуу пландарын кайра карап чыгуу боюнча буйругунун негизинде түзүлгөн жумушчу топ медициналык колледждердин адистиктеринин окуу пландарын кайрадан карап чыгып, укуктук-ченемдик актыларга дал келтирүү иретинде төмөндөгүлөрдү сунуштайбыз:

1. Биринчиден КР Өкмөтүнүн 28-март 2018-жылкы №160 "Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча 2020-жылы апрель айында Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыгып, өкмөт тарабынан жалпы талкууга коюлуп, бекитүү процедурасы Ковид 19 пандемиясы мезгилине дал келип, бекитилбей калгандыгына байланыштуу кайрадан карап токтом чыгарып берүүңүздү суранабыз. 060107 Профилактикалык стоматология адистигинин окуу мөөнөтүн 1 жыл 10 айга өзгөртүүнү жалпы негизги билим берүү базасында кабыл алуу боюнча 1-тиркеме тиркелет.
2. Экинчи маселе медициналык колледждерде окуу системасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен базалык бөлүктөгү Кыргызстан тарыхы, География, Манас таануу предметтери мектептин программасында толук камтылганына байланыштуу кесипкөй адистерди даярдоо окутуунун натыйжасына, компетенциянын калыптанышына ылайык түзүлүүсү зарыл.
   Манас таанууну бала бакчадан баштап программага киргизилип, кесип алуу үчүн Кыргыз тилди, Тарыхты, Географияны, Манас идеологиясында калыптанып, анан кесипке багыт берүү керектигин белгилейбиз.
3. Кесиптик стандарттардын негизинде жумуш берүүчүлөрдүн милдеттик компетенциялык калыптануусун да эске алуу менен төмөндөгү предметтерди медициналык колледждердин базалык бөлүгүнөн алып салууну сунуштайбыз:

3.1. Окуу пландарындагы Блок – 1деги Математика предметинин ордуна Информациялык технологиялар предметин киргизүү менен кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматтык камсыздоо компетенциясын калыптандыруу менен кесипкөй адистерди даярдоого өбөлгө түзөөрүн баса белгилейбиз.

3.2. Окуу пландарындагы Блок – 3 төгү Мамлекеттик аттестациялоодо учурда колледждерде дисциплиналар аралык тестирлөө менен өткөрүлгөндүктөн 3 кредит жетиштүү деп белгилейбиз жана 6 кредиттин 3 кредитин "Квалификация ыйгаруу алдындагы практикага" берүүнү сунуштайбыз.

3.3. Дене тарбия предмети 3-курстарга 5-6-семестрге жумасына 2 сааттан берилген, аталган предметти 1-4-семестр аралыгында окутуу оптималдуу экендигин белгилөө менен окуу планга өзгөртүү киргизүүгө уруксат берүүңүздү суранабыз.

4. Прикладдык бакалавр боюнча окуу планын 3 жыл окуу мөөнөтү менен киргизүү керектигин жана аны Эксперименталдык программаны окуткан 5 медициналык колледжге: Бишкек МК, Токмок МК, Нарын МК, ОшМУнун медициналык коледжи жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде пилоттук негизде киргизүүнү сунуштайбыз.

5. Колледждердин штатына СМК (Сапат менеджмент системасын) жана кафедра башчы бирдиктүү штатын кошууну сунуштайбыз.

6. Адистиктердин окуу планын медициналык өзгөчөлүгүн эске алып аудиториялык сабактар менен өз алдынча иштерди 50/50 катышында түзүүнү сунуштайбыз.

Кыргызстандагы медициналык
колледждердин ассоциациясынын төрагасы: Станбаев Ө.Т.